DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Жамшутова Б.Ж., Бекмурзаева Б.А.*

# САНАРИП ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫНЫН КҮНДӨЛҮК ТУРМУШТАГЫ ОРДУ

*Жамшутова Б.Ж., Бекмурзаева Б.А.*

# РОЛЬ ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ПОВСЕДНЕВНОЙ ЖИЗНИ

*B.J. Jamshutova, B.A. Bekmurzaeva*

# THE ROLE OF DIGITAL TECHNOLOGIES IN EVERYDAY LIFE

*УДК: 004.582*

*Макалада санариптештирүүнүн адам баласынын күндөлүк тиричилигиндеги артыкчылыктары, аларды пайдалануу жолдору, мобилдик телефон мүмкүнчүлүгү жөнүндө баяндалат. Бүгүнкү күндө информациялык технологиялар биздин жогорудагы сыяктуу көйгөйлөрдү жеңил жана бат чечүүдө жардам берет. Демек, мамлекетти өнүктүрүү максатында, өлкөнү санариптештирүү бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат. Ошондуктан, келечек муундун жаңы кадам менен баруусу биздин жарандар үчүн мурда болуп көрбөгөндөй жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Ушундай мүмкүнчүлүктөрдү коомдун калың катмарына, өзгөчө айыл жергесиндеги колдонуучуларга туура пайдалуу жолу жана мобилдик телефондун тиркемелеринин максаттуу колдонулушу жөнүндө, ошондой эле маалыматтык технологияны колдонууда коюлган тиешелүү талаптарды туура пайдалануу керектиги жөнүндө кеңири баяндалды. Мындан сырткары билим берүү, медицина, өндүрүш, илим изилдөө тармагындагы жаңы маалыматтык технологияны колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү өтө чоң экендиги жөнүндө да жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *санарип технологиялар, электрондук төлөм, убакыт, өнүгүү, мүмкүнчүлүк, маалыматтык, туура пайдалануу.*

*В статье рассматривается преимущество дигитализации и особенности использования мобильных телефонов в повседневной жизни человека. Сегодня информационные технологии могут помочь нам легко и быстро решить такие задачи такие проблемы. Поэтому цифровизация страны для её развития является требованием сегодняшнего дня. Поэтому новый шаг следующего поколения откроет беспрецедентные возможности для наших граждан, также было подробно объяснено, как правильно использовать соответствующие требования для использования информационных технологий. Также было отмечено, что существуют большие возможности для использования новых информационных технологий в образовании, медицине, промышленности и научных исследованиях. Кроме того, говорилось о возможности применения новых информационных технологий в сфере образования, медицины, производства, научных исследований.*

***Ключевые слова:*** *цифровые технологии, электронные платежи, время, развитие, возможности, информация, правильное использование.*

*The article discusses the advantage of digitalization and the features of using mobile phones in everyday life. Today, information technology can help us easily and quickly solve such problems. Therefore, digitalization of the country for its development is a requirement of today. Therefore, the new step of the next generation will open up unprecedented opportunities for our citizens, and it was also explained in detail how to correctly use the relevant requirements for the use of information technology. It was also noted that there are great opportunities for using new information technologies in education, medicine, industry and research. In addition, they discussed the possibility of using new information technologies in education, medicine, manufacturing, and research.*

***Key words:*** *digital technologies, electronic payments, time, development, opportunities, information, correct use.*

Замандан артта калбоо, мамлекетти өнүктүрүү максатында, өлкөнү санариптештирүү бүгүнкү күндүн талабы болуп жатат. Ал биздин жарандар үчүн мурда болуп көрбөгөндөй жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Өлкөнү өнүктүрүү тарыхты эскерүүдөн башталаары баарыбызга маалым демекчи, ата бабаларыбыздын жасаган эрдиктерин даңазалоо, алар менен сыймыктануу да келечек муун үчүн эргүү болуп салгандыктан, бул макала улуу жетекчибиз Абдыкадыр Орозбековтун 130 жылдык мааракесине арналып жазылды.

Санарип – бул эскиден жаңыга кадам дегенди билдирет. Санариптештирүү болсо маалыматты аналогтук жол менен берүүдөн санариптик жол менен берүүгө өтүүнү түшүндүрөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557








Санарип технологиялар жашоонун бардык тармактарына кирет: билим берүү, медицина, бизнес, туризм, сот жана укук органдарынын ишине санариптик инфраструктура артыкчылыктуу тартипте киргизилет. Биздин күндөлүк турмушта санарип технологияларын колдонуусуз башка өнүккөн өлкөлөргө чыгууда, алар менен байланышууда түрдүү тоскоолдуктарга дуушар болобуз. Анын ичинде негизги мааниге ээ болгон *убакытты* туура пайдалануу иш жүзүнө ашпай калат.

Ушул сыяктуу көйгөйлөрдөн арылуу үчүн өлкө башчыбыз *2019-жылды «Региондорду өнүктүрүү жана санариптештирүү жылы»* деп жарыялады.




Информациялык технологиялар биздин жогорудагы сыяктуу көйгөйлөрдү жеңил жана бат чечүүдө жардам берет. Себеби, азыркы учурда электрондук байланыш коомду жаңы мүмкүнчүлүктөргө ээ кылууда. Интернет байланышы мамлекеттен баштап жөнөкөй жарандарга чейин негизги каражат болуп калды. Мындай кырдаалда санариптештирүү планы бүтүндөй кызмат көрсөтүүнү электрондук тейлөөгө өткөрүүнү мамлекеттик деңгээлде колго алуу өлкөнүн өнүгүшүнө өбөлгө болмокчу.

Азыркы күндө Кыргызстандын дээрлик ар бир атуулунда уюлдук телефондору, көпчүлүгүнүн үйүндө компьютерлери жана планшеттери бар. Ошондой эле ишканаларда, фирмаларда, билим берүү мекемелеринде компьютерлер негизги байланыш каражаты катары пайдаланып келгендиги бизге белгилүү. Алар ар кандай программаларды, электрондук эсеп-кысапты жумушчулардын айлык маянасын эсептөө, фирмалардын киреше-чыгашаларын көрсөтүү, түрдүү маалыматтар базасын түзүүгө, чиймелерди 3D форматында жасоого жана башка бир топ ушул сыяктуу жумуштарды аткарууга кеңири колдонобуз.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557





Компьютер өндүрүшкө гана жардам бербестен билим берүү тармагында да чоң мааниге ээ. Жөнөкөй эле күнүмдүк турмушта колдонгон электр энергиясын, жаратылыш газы үчүн төлөнүүчү кызмат акылар мекемеге барып төлөөнүн ордуна азыркы күндө уюлдук телефондун жардамында төлөөнү иш жүзүнө ашыра алабыз. Биз бул кызматтарды колдонуу аркылуу бир топ убакыттан утабыз. Жер, автоунаа салыктарын тиешелүү банктарга барып төлөөсү ар бир жаранга маалымат базасында көрсөтүлөт. Ал эми саламаттыкты сактоо жаатында көп жылдардан бери телемедицина багытында иштеп келүүдө. Бирок, ал кеңири кулач жая элек. Анда алыскы аймактарда жашагандар дарыгерден дартты аныктоого кеңеш же татаал операция жасоодо адистер онлайн түрүндө жардам алууга мүмкүн, жана дагы ар кандай мамлекеттик органдын эшигин каккылап справка, же башка маалымат алуу үчүн элдин кыйналганы токтойт. Булар санариптештирүүгө өтүүнүн алгачкы кадамдары болуп саналат.







Демек биздин өлкө башчыбыз койгон талабын аткаруу менен биз төмөнкүлөргө жетише алабыз:

- Интернет соода тармагын кеңири өнүктүрүүгө болот. Мисалы, биз күндөлүк турмушта Бишкек шаарына, Россия, Казакстандын шаарларына чыгарылган жарнамаларга ылайык зарыл каражаттарга буйуртмаларды берүү жолу менен товарларды сатып алууну жүргүзүп жатабыз.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557






- Электрондук төлөм жүргүзүүгө болот;




• Өлкөдө туризмди өнүктүрүүгө болот: башкача айтканда өлкөбүзгө келген туристтер Кыргызстандын 7 областы, анын ичинде шаарлары, эс алуу жайлары боюнча толук маалыматка ээ эмес. Азыркы учурда бул тармак кеңири иш жүзүнө ашырыла элек. Ошондой эле Кыргызстандын кайсы аймагында тургандыгыбыз жана каалаган аймакка барууда электрондук картанын жардамында маалымат алууга болот;

• Дистанттык билим берүүгө: Аралыктан өз алдынча билим алууга жакшы шарт түзүлөт жана башкалар. Күнүмдүк турмуштагы ушул сыяктуу чоң мүмкүнчүлүктөргө ээ болуп, аларды колдонууда маалыматтык коопсуздукту сактоо зарыл, башкача айтканда ар бир инсан ар бир нерсени өз убагында туура пайдалана билүүсү шарт.

**Адабияттар:**

1. Кут билим 23-август 2019-жыл, №32-33 (10826-27).
2. Интернет булактары.